УДК: 371.2 (575.2)
DOI 10.33514/1694-7851-2023-2-411-421

**Эсенгулова М.М.**
пед. илим. канд., проф. м.а.
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
**Адамалиева Ж.А.**
магистрант
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
**Боромбаева Б.К.**
магистрант
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
**Махамат кызы Р.**
магистрант
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
**Осмонова Ж.**
магистрант
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.

# 12 ЖЫЛДЫК БИЛИМ БЕРҮҮ, ЧЕТ ӨЛКӨЛҮК ТАЖРЫЙБАЛАР: ӨТҮҮДӨГҮ КӨЙГӨЙЛӨР, МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨРҮ, КЕЛЕЧЕГИ

**Аннотация.** Коомдун өнүгүүсү менен, дүйнөлүк билим берүү мейкиндигинде 12 жылдык окутуу системасына өтүү бүгүнкү күндүн актуалдуу маселелеринин бири. Билим берүүнүн бул модели дүйнөнүн 80% дан ашуун өлкөлөрүндө ишке ашырылган. Мектеп окуучуларына мезгилдин талабына ылайык сапаттуу билим берүү системасын сунуштоо милдетин аткаруу үчүн, окутуу-тарбиялоо процессин олутуу өзгөртүү зарылчылыгы пайда болот. Кыргыз Республикасы эгемендүү мамлекети катары мындай реформаларды жүргүзүү менен, дүйнөлүк билим берүү стандартына шайкеш келүүгө умтулууда.

Макаланын авторлору – 1 курстун магистранттары, педагогика илимдеринин кандидаты, М.М. Эсенгулованын жетекчилиги астында «Илим жана билим берүүнүн заманбап проблемалары» дисциплинасынын алкагында өз алдынча сунушталган тема боюнча изилдөө ишин жүргүзүшүп, жыйынтыгын макала иретинде сунушташууда. Изилдөөнүн диагностикалык-констатациялоочу этабынын милдеттери: 1) 12 жылдык билим берүүнү ишке ашыруу боюнча кыргызстандык, чет өлкөлүк булактарды изилдөө жана талдоо; 2) автордук анкета иштеп чыгуу жана сурамжылоо жүргүзүү; 3)констатациялоочу-диагностикалык этаптын жыйынтыгын чыгаруу жана макала түрүндө жазуу.

Изилдөөнүн натыйжасы 12 жылдык билим берүүнүн негизги артыкчылыгы – гуманистик багыттагы билим берүү системасын, инсанга багытталган окутуу процессинин өнүктүрүү экендигин көрсөттү.

**Негизги сөздөр:** 12 жылдык билим берүү, дүйнөлүк билим берүү мейкиндиги, билим берүү стандарты, практикага багытталган процесс, окуучу, инсан, траектория, өз алдынчалуулук, билим, билгичтик, көндүм, компетенттүүлүк.

**Эсенгулова М.М.**
канд. пед. наук, и.о. проф.
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
**Адамалиева Ж.А.**
магистрант
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
**Боромбаева Б. К**
магистрант
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
**Махамат кызы Р.**
магистрант
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
**Осмонова Ж.**
магистрант
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек

# 12-ЛЕТНЕЕ ОБРАЗОВАНИЕ, ЗАРУБЕЖНЫЙ ОПЫТ: ПРОБЛЕМЫ ПРИ ПЕРЕХОДЕ, ВОЗМОЖНОСТИ, БУДУЩЕЕ

**Аннотация.** С развитием общества переход на 12-летнюю систему образования в мировом образовательном пространстве является одним из актуальных вопросов сегодняшнего дня. Данная модель образования реализована более, чем в 80% стран мира. Для того чтобы выполнить данную задачу, нужно предложить школьникам качественную систему образования в соответствии с требованиями времени, в связи с чем появляется необходимость значительного изменения учебно-воспитательного процесса. Кыргызская Республика, как независимое государство, стремится соответствовать мировому стандарту образования путем проведения таких реформ.

Авторами статьи являются магистранты 1 курса, которые в рамках дисциплины «Современные проблемы науки и образования» под руководством кандидата педагогических наук М.М. Эсенгуловой самостоятельно провели исследование по предложенной теме и представляют результаты в виде статьи. Задачи диагностического-констатирующего этапа исследования: 1) исследование и анализ кыргызстанских и зарубежных источников по реализации 12-летнего образования; 2) разработка авторской анкеты и проведение опроса; 3) оформление результатов диагностического-констатирующего этапа и оформление в виде статьи.

Результаты исследования показали, что основное преимущество 12-летнего образования состоит в развитии гуманистической образовательной системы, личностно-ориентированного процесса обучения.

**Ключевые слова:** 12-летнее образование, мировое образовательное пространство, образовательный стандарт, практико-ориентированный процесс, учащийся, личность, траектория, самостоятельность, знание, умение, навыки, компетентность.

**Esengulova M.M.**
Candidate of Pedagogical Sciences, Acting Professor
Kyrgyz State University named after I. Arabaeva
Bishkek c.
**Adamalieva Zh.A.**
Master's Student
Kyrgyz State University named after I. Arabaeva
Bishkek c.
**Borombaeva B.K.**
Master's Student
Kyrgyz State University named after I. Arabaeva
Bishkek c.
**Mahamat kyzy R.**
Master's Student
Kyrgyz State University named after I. Arabaeva
Bishkek c.
**Osmonova Zh.**
Master's Student
Kyrgyz State University named after I. Arabaeva
Bishkek c.

## 12-YEAR EDUCATION, FOREIGN EXPERIENCE: PROBLEMS IN TRANSITION, OPPORTUNITIES, FUTURE

**Abstract.** With the development of society, the transition to the 12-year education system in the world educational space is one of the most pressing issues of today. this model of education is implemented in more than 80% of countries. in order to fulfill the task of offering students a quality education system in accordance with the requirements of the time, there is a need to significantly change the educational process. the kyrgyz republic as an independent state strives to meet the world standard of education by carrying out such reforms.

The authors of the article are 1st-year master's students who, within the discipline «contemporary problems of science and education» under the guidance of the candidate of pedagogical sciences m.m. esengulova, independently conducted research on the proposed topic and presented the results in the form of an article. tasks of the diagnostic-determining stage of research: 1) research and analysis of kyrgyz and foreign sources on implementation of 12-year education; 2) development of the author's questionnaire and conducting a survey; 3) the presentation of the results of the diagnostic-diagnostic stage and presentation in the form of an article.

The results of the study showed that the main advantage of the 12-year education is the development of a humanistic educational system, a person-oriented learning process.

**Keywords:** 12-year education, world educational space, educational standard, practice-oriented process, student, personality, trajectory, independence, knowledge, skill, skills, competence.

Дүйнөдө 1980-жылдары ийгиликтүү мектептерди сыпаттап көрсөтүү негизги маселе болсо, 1990-жылдары мектептерди кантип ийгиликтүү кылуу милдети коомдун алдына коюлду. Ал эми 2000-жылдары мектептердин ийгилиги эмнеде экендигин түшүндүрүү зарылдыгы жаралса, 2010-жылдары мектеп системасын кантип ийгиликтүү, натыйжалуу кылуу башкы маселеге айланды. Учурда кайсыл гана мамлекеттин болбосун билим берүү системасынын алдындагы негизги да, абдан орчундуу да, маанилүү да, көйгөйлүү да, курч да

турган маселе – бул билим берүүнүн мазмунунун ушунчалык тездик менен жаңылануусу, өзгөрүүсү.

Ошондуктан келечегин ойлогон мамлекеттер билим берүүнүн бүгүнкү, эртенки күнүн гана эмес, узак мөөнөттүү келечегин ойлоп, ошого жараша аракеттене башташы керек [1].

Биз бир нече мамлекеттердин билим берүү системасын дыкат изилдеп көрүп, төмөнкүдөй жыйытыктарга келдик.

Билим берүү саясаты жаатындагы эл аралык денгээлдеги эксперттер Майкл Барбер менен Мона Муршед 25 мамлекеттин билим берүү системаларын талдоого алышкан, ага эң мыкты билим берүү системасына ээ болгон, мыкты өзгөрүүлөргө жетишкен төмөнкү мамлекеттер кирген: **Сингапур, Финляндия, Түштүк Корея, Кытай, Гонконг, Япония, Нидерландия** [2].

Бул мамлекеттердин мыкты билим берүү системасы төмөнкүдөй көрсөткүчтөргө жооп берүү менен алдыга чыгышкан:

- билим берүүнү реформалоого системалуу мамиле;
- мыкты окутуу жана аны колдоого алуу (мыкты мугалим);
- мектеп лидери (мыкты директор);
- ар бир окуучунун сапаттуу билим алуусу;
- мониторинг жана түзөтүүчү иш-чаралар.

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин берген маалыматы боюнча: «**12 жылдык** билим берүү – жалпы дүйнөлүк стандарт. Дүйнөнүн 136 өлкөсү, алсак: АКШ, Улуу Британия[1], Сингапур, Финляндия, Грузия, Казакстан мектеп билим берүүсү ушундай системага өткөн. Ал эми Кыргызстанды алсак, мектепке чейинки даярдоо башкача айтканда, 0 класс деген жоюлат. Балдар 6 жашынан эле 1-класска барса, азыркы 11-классты бүткөндөй эле болуп калат. Ошондуктан министрлик мындай системага өтүүгө даяр. Анткени өлкө боюнча 4 миңге жакын мектепке чейинки даярдоо классы түзүлүп калган. Ага 5,5 – 6,5 жаштагы 107 миңдей бала барат. Бул 1-класска барган балдардын 70% дан ашыгын түзөт. Мектепке 6 жаштан кабыл алуу бала бакчалардын жүгүн азайтат. Кичинекей бөбөктөргө 2 жаштан баштап балдар бакчасына барууга мүмкүнчүлүк түзүлөт. Окуу программалары азайып, 12 жылга бирдей бөлүштүрүү каралат. Бул нерсе балдардын ийримдерге, спорттук секцияларга, ар кандай курстарга убакыт бөлүүсүнө шарт түзөт. 3 айлык же 6 айлык кесипке дарядоо курстарынан өтүп, кошумча кесипке ээ болуусуна убакыт болот. Эгер окуучу мектепти бүткөндөн кийин окубай эле иштөөнү пландаштырса, жардамы тийет»[3].

Азыркы күндө 12 жылдык билим берүү ийгиликтүү ишке ашырылып жаткан постсоветтик мамлекеттер: **Армения, Беларусь, Грузия, Казахстан, Латвия, Литва, Молдавия, Түркменистан, Украина, Эстония** [4]. Биз ушул өлкөлөрдүн арасынан кээ бир билим берүү системасын талдоого алып, төмөнкү чен-өлчөмдөрдү аныктап (1-таблицаны караңыз), изилдөө жүргүздүк жана талдоонун жыйынтыктары менен тааныштырууну туура көрдүк.

**1-таблица. Талдоо үчүн аныкталган чен-өлчөмдөр**

| **№** | **Чен-өлчөмдөр** |
|---|---|
| 1. | Жалпы билим берүү системасы тууралуу |
| 2. | Мугалимдерди даярдоо программалары |
| 3. | Окуу куралдар, ресурстар |

[1] Улуу Британия сыяктуу мамлекеттерде 12 жылдык окуу системасы иштейт, ага ылайык окуучулар 5 жаштан баштап мектепте билим алып баштайт.

**1. Грузия**

Борбор шаары –Тбилиси. Грузиянын калкы 4,4 миллион адамды түзөт. Калкынын басымдуу бөлүгүн (70%) грузиндер, армяндар - 8%, орустар - 6%, жана башкалар түзөт[1].

Грузияда балдар мектепке **6 жашынан баштап барышат** жана 12 жыл окушат. Алар окутуунун бир нече этаптарынан өтүшөт:

- башталгыч: 1-класстан 6-класска чейин;
- негизги: 7-класстан 9-класска чейин;
- орто:10-класстан 12-класска чейин.

Тогуз жылдык окууну аяктагандан кийин, мектеп окуучулары негизги билими жөнүндө аттестат, ал эми 12-классты бүткөндө толук орто билими жөнүндө аттестат алышат.

Грузиянын илим жана билим министрлиги 12 жылдык билим берүүгө төмөнкүдөй түшүндүрмө берет: “Бүгүнкү күнү бизде динамикалык темпте илимдин сапаты жакышырып бара жатат жана ошондой эле келечекке карай жаңы приаритеттүү тапшырмаларды коюп жатабыз. Мектеп окуу программасын жалпысынан окуу жүгүн азайтып, 12 жыл аралыгында бирдей кайра бөлүштүрүү жагына өттүк. Бул балдарга өнүктүрүүчү ийримдерге, спорттук секцияларга, өздөрү кызыккан курстарга, өсүп жаткан организм менен абдан маанилүү болгон эс алууга көбүрөөк бош убакыт калтырууга мүмкүндүк берип жатат» - дейт.

Грузиядагы мектептердин жетекчилерине жана педагогикалык коллективге төмөнкүдөй милдет коюлган: жаңы муунду окутууда жана тарбиялоодо аларды аналитикалык жана сынчыл ой жүгүртүүгө даярдоо, интеллектуалдык жана чыгармачыл жөндөмдүүлүктөрүн өчтүрүүгө басым жашоо.

Грузиянын билим берүү системасында биринчи класстан баштап эле окутуу программасына англис тили кирген. Бешинчи класска барганда дагы бир чет тили кошулат. Бирок аны окуучуу өзү ыктыярду тандайт. Башталгыч класстарда сабактын мөөнөтү 30 мүнөт болот. Анан 40 мүнөт, анан стандарттык 45 мөөнөткө өтөт.

Билим берүү жана илим министрлиги бир нече жыл мурун бешинчи класстын экинчи семестрине чейин башталгыч класстын окуучуларынын окуудагы жетишкендиктерин баалабоо чечимин кабыл алган. Окуучулар үй тапшырмасы үчүн баа алышпайт, анын ордуна мугалимдер семестрдин аягында ар бир балага мүнөздөмө жазышат, мында анын билим деңгээлин, ар кандай предметтерди өздөштүрүү процессиндеги ийгиликтерин жана кемчиликтерин белгилешет, кошумча талаптарды талап кылган багыттарды белгилешет. Мектепте билим берүүнүн стандарттык 10 упайлык системасы бешинчи класстын экинчи жарым жылдыгында гана киргизилет.

Грузияда мектептин ар бир окуучусу 9-классты бүткөн соң, андан чыгып толук эмес орто билим ээси менен чектелүүгө укугу бар. Ал эми 12 жылдык мектепти аяктагандан соң окуусун ЖОЖдо улантууну көздөсө, анда мектептеги бүтүрүү сынактарын тапшырып, толук орто билими жөнүндө тиешелүү документти алып, андан кийин бирдиктүү улуттук экзаменден өтүшү керек болот (CNE)[2].

[1] Эркин энциклопедия – Википедиядан алынды.
[2] «Обучение за границей» сайтынан алынды. Маалымат 8-декабрда 2022-жылы жүктөлгөн.

**2. Казакстан**

Борбор шаары – Астана. Калкы 19 808 430 адамды түзөт (2023-жылдагы статистика боюнча). Калкынын басымдуу бөлүгү казактар (70,4%) орустар (15,5%), өзбектер (3,2%), украиндер (2%), уйгурлар (2,5%), немецтер (1,2%) жана татарлар (1,1%) ж.б.у.с.[1].

Казакстан Республикасында 2003-жылдан баштап 12 жылдык билим берүүгө өтүү боюнча эксперименттик иштер жүргүзүлүп келет (2003-жылдын 8-августундагы № 538 буйругу). Алгач Казакстанда экспериментке 51 мектеп тартылган. Учурда Казакстандын 45 айылдык, 59 шаардык (бардыгы 104) мектептеринде эксперименттер жүргүзүлүүдө. Эксперименттик класстардын окуу китептери жана окуу-методикалык комплекстери жыл сайын, мисалы, 2009–2010-окуу жылында эксперименталдык 7-класстардын, 2010–2011-окуу жылында 8-класстардын окуу китептери жана окуу-методикалык комплекстери сыноодон өткөрүлдү. Түштүк Казакстан облусунда 2003-2004-окуу жылында 12 жылдык билим берүүгө өтүү боюнча эксперименттер 1-сентябрдан тарта башталган [5].

1997-жылы Казакстан Дүйнөлүк билим берүү мейкиндигине кирүү жөнүндө Лиссабон Конвенциясына кол койгон. Мындан тышкары, Казакстан билим берүү жана баланын укуктарын коргоо жаатындагы эл аралык документтерге катышуучу болуп саналат: Адам укуктарынын Жалпы Декларациясы, Баланын укуктары жөнүндө Конвенция, Болон декларациясы, Адамдын экономикалык, социалдык жана маданий укуктарынын Эл аралык декларациясы.

Казакстандын билим берүү практикасы дүйнөлүк билим берүү мейкиндигине интеграциялоого багытталган, анткени 12 жылдык билим берүү системасы Европалык квалификациялык алкактын 4-деңгээлине жетүү үчүн алгылыктуу.

Билим берүү Казакстандын 2020-жылга чейинки Стратегиясынын маанилүү приоритеттеринин бири болгондуктан, Казакстан Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги үч баскычтан турган 12 жылдык билим берүү системасын бекитип, сунуштап жатат, ал учурда төмөнкүдөй эксперименттер жүргүзүлүүдө:

- 1-деңгээл – башталгыч билим (1-4-класстар), окуу мөөнөтү 4 жыл;
- 2-деңгээл – негизги орто билим (5-10-класстар), окуу мөөнөтү 6 жыл;
- 3-деңгээл – атайын билим берүү (11-12-класстар), окуу мөөнөтү 2 жыл.

Казакстан Республикасында 12 жылдык билим берүү системасын киргизүү үчүн бардык шарттар түзүлүүдө, анын негизги принциптери «Казакстан Республикасында 2015-жылга чейин билим берүүнү өнүктүрүү концепциясында» каралган.

12 жылдык билим берүү системасында иштөөгө мугалимдерди даярдоо чен-өлчөмдү караган учурда, биз казакстандык изилдөөчүлөр М.Ж. Парманкулова жана А. Елтаеванын макаласы менен тааныша алдык. Алар төмөнкү ойлору менен бөлүшүшөт: «2 жылдык билим берүү системасына өтүү жогорку педагогикалык окуу жайларынын студенттеринин окуу пландарын жаңыртуу, ошондой эле билим берүү тармагындагы кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу системасын өркүндөтүүнү карайт. Бул тажрыйба көптөгөн чет мамлекеттерде сыналган жана колдонулган. 12 жылдык билим берүү системасы келечектеги жана азыркы мугалимдерди жогорку жана сапаттуу даярдоону талап кылат жана алар өз кезегинде окуу процессин активдештире алат. Заманбап билим берүү системасына окутуунун инновациялык формаларын жана ыкмаларын киргизүү мугалимдердин жеке жана кесиптик компетенттүүлүгүн жогорулатуу зарылдыгынын алдына коюуда. Болочок

[1] Эркин энциклопедия – Википедиядан алынды.

мугалимдин билими, кесипкөйлүгү, компетенттүүлүгү, мобилдүүлүгү, атаандаштыкка жөндөмдүүлүгү, чыгармачылдыгы чоң мааниге ээ»[6].

Казакстан Республикасы 12 жылдык билим берүүгө өтүү аркылуу өтө тез өзгөрүлүп жаткан мезгилде турмуштук көндүмдөрү өнүккөн, жогорку билимдүү, чыгармачыл, компетенттүү, ар тараптан өнүккөн инсанды эртелеп өстүргөн жаңы улуттук моделге ээ болууну көздөйт.

**3. Кыргызстан**

Борбор шаары – Бишкек. Калкынын саны 7 миллиондон ашык адамды түзөт. Калкынын басымдуу бөлүгүн кыргыздар (73,77%) өзбектер (14,85%), орустар (5,14%), дунгандар (1,14%), уйгурлар (0,91%) жана башкалар түзөт[1].

Кыргызстанда балдар мектепке **7 жашынан баштап барышат** жана 11 жыл окушат. Алар окутуунун бир нече этаптарынан өтүшөт:

- башталгыч: 1-класстан 4-класска чейин;
- негизги: 5-класстан 9-класска чейинки;
- орто билими 10-класстан 11-класска чейин.

Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлигинин 12 жылдык билим берүү системасына өтүү сунушу коомчулук арасында бир топ талаш тартышка жол ачып, эки көз караштагы адамдардын оюн уга алдык. **Биринчилери,** 12 жылдык билим берүү системасы Кыргызстандагы билим берүү денгээлин көтөрө албай турганын айтып, сындап чыгышты. **Экинчи** көз карашты кармангандар – бул системанын киргизилишин колдой тургандарын белгилешти, себебин дүйнөлүк билим берүү системасы ушундай багытта баратса, биз да артта калбастан, өзгөрүшүбүз керек деп түшүндүрүштү.

**Биринчи көз карашты кармангандар** өз оюн сунуштаганда төмөнкү аргументтер менен тастыкташат: «2022-жылдын 15-февралында КР Билим берүү жана илим министрлигинин маалыматына ылайык Кыргызстандагы мектептерде 988 мугалим жетишсиз. Ал эми жалпы республика боюнча 4724187 окуу китеби жетишсиз[2]. Кыргыз Республикасында жалпы 2333 мектеп бара болсо, анын 245 авариялык кейпинде, 498 капиталдык оңдоого муктаж[3]. Окуучулар бир партага үчтөн же төрттөн болуп отурган учурлар кездешет. Мамлекеттин алдындагы көйгөйлүү маселелердин бири мектептердин жетишсиздиги, окуу куралдарынын аздыгы, жалпылап айтканда 12 жылдык билим берүү системасын киргизүү талаптарына азыркы абалыбыз жооп бербейт, ресурстарыбыз жетишсиз[4].

**Экинчи көз карашка тастыктоо катары** Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министирлиги алдындагы Кыргыз билим берүү академиясы сунушталып жаткан 12 жылдык билим берүү системасы боюнча «Кут билим» гезитине түшүндүрмөсүн сунуштайбыз. Кыргыз билим берүү академиясынын президенти Н.К. Дюшеева маегинде «Кыргыз Республикасында эксперимент иретинде 12 жылдык билим берүү системасын киргизүү боюнча бир нече аспекттерди бөлүп көрсөткөн, алсак: 1) бул кадам республикада бардык балдар мектепке чейинки даярдыктан өтпөй калып жатканына байланыштуу сунушталып жатканы; 2) 12 жылдык билим берүү системасынын пайдалуу жактары; 3) Кыргызстанда билим берүү тармагында бир топ чечилбеген көйгөйлөр бар экенин буга чейинки бир канча изилдөөлөр көрсөткөнү»[7].

[1] Эркин энциклопедия – Википедиядан алынды.
[2] «SPUTNIC» сайтынан алынды (17.01.2023).
[3] «Марал» радиосунун булак сайтынан алынды (25-июль 2022-жыл).
[4] ПолитКлиника сайтынан алынды.

Бул көз караштарды талдоо менен, биз ар түрдүү катмардагы адамдардан анкеталык сурамжылоо жүргүздүк. Сурамжылоого 80 адам катышты, автордук анкетанын негизги суроолору 12 жылдык билим берүү тууралуу Кыргызстандык коомчулук кандай ойдо экендигин баалоого арналган. Автордук анкета 11 суроону камтыйт, биз бул макаланын алкагында 12 жылдык билим берүү тууралуу ойлоруна артыкчылык берип, ошол суроолорго жооп бергендерин жалпылап, өзүбүздүн комментарийлерибиз менен коштоп жатабыз.

**Сурамжылоонун жыйынтыгы**

80 респонденттин ичинен 45% жогорку жана 31% орто билимдин ээлери болду. Алардын арасынан мамлекеттик жумушта -50%, жеке менчик ишкер – 28%, соодагер – 11%, жумушу жоктор – 11%. Биздин изилдөөбүзгө ушул төрт тармактын өкүлдөрүнөн кеңири маалымат бере алышты.


Сурамжылоого катышкан респонденттердин ичинен 49% балдары мамлекеттик мектептерде, 29% жеке менчик мектептерде окушат. 22% балалуу боло элек, турмуш кура электер. Респонденттер абдан көп белгилеген ой: «Ата-эне башкадан үнөмдөсө да, балдарынан үнөмдөбөйт», өкүнүчтүүсү билим берүү тармагында ата-энелердин ушул көз карашын өзүнүн кызыкчылыгына, өз бизнесинин өнүгүүсүнө айланткан адамдар да кездешет. Ушуга байланыштуу биздин төмөнкү суроообузга: «Балаңыз мыкты билим алуусу үчүн айына канча акча төлөөгө макулсуз?» 80 респондеттердин ичинен 2% канча болсо да, төлөөгө даярыгын белгилешсе, 38% – 10 миң сомдун тегерегиндеги сумманы, 6% – 20 миң сомдун тегерегинде төлөй алышса, 54% төлөөгө шарттары жоктугун айтышкан.

«Мектептик 12 жылдык билим берүүнү киргизүү тууралуу маалыматыңыз барбы?» – деген суроообузга 47% респонденттер – ооба, маалыматым бар деп жооп беришти, катышуучулардын 34% – толук маалыматым жок, эч кандай маалыматым жок -14%, 8% – айта албайм деген жоопту жазышкан. Мындай көрсөткүчтөр бул маселе боюнча кеңири маалыматтык семинарлар, көрсөтүүлөр керектигин тастыктайт.

Анкетанын 8-суроосуна жооп берүүдө биздин респонденттердин 36% – бул системанын дүйнөлүк билим берүү практикасында колдонулуп жатканын божомолдошот. Бирок натыйжасы ийгиликтүү (15%) же ийгиликсиз экенин (20%) айта алышпайт, анткени кеңири маалыматы жок, кызыккан эмес. Эч нерсе айта албайм деген жоопту бергендер – 29% (1-диаграмманы караңыз).

**1-таблица.** – Система дүйнөлүк билим берүү практикасында колдонулат

| Дүйнөлүк билим берүү практикасында колдонулуп жатат | Натыйжасы ийгиликтүү | Кеңири маалыматым жок, кызыккан эмесмин. | Эч нерсе айта албайм |
|---|---|---|---|
| **36%** | **15%** | **20%** | **29%** |





**1-диаграмма.** Система дүйнөлүк билим берүү практикасында колдонулат

«Мектептерге 12 жылдык билим берүү системасын киргизүүгө макулсузбу?» – деген суроого берген жооптор менен бөлүшкүбүз келип жатат: респонденттердин 35% – макул, 47% – балдардын 6 жашта мектепке даяр эместигин эске алуу менен, окуу куралдарынын, мугалимдердин, материалдык ресурстардын жетишсиздигин жана мамлекеттин даяр эместигин айтышып каршы жообун белгилешкен. 13% – мага баары бир деген жоопту беришкен. Ушул жооп тууралуу да ойлонуу керектигин белгилешибиз керек. Жооп бере албагандар – 5% түзгөн.

**2-таблица.** – Мектептерге 12 жылдык билим берүү системасын киргизүүгө макулсузбу?

| Макулмун | Макул эмесмин, анткени даяр эмеспиз | Мага баары бир | Жооп бере албайм |
|---|---|---|---|
| **35%** | **47%** | **13%** | **5%** |




**2-диаграмма. Мектептерге 12 жылдык билим берүү системасын киргизүүгө макулсузбу?**

Кийинки суроолорубузга 12 жылдык билим берүүнүн артыкчылыгы жана кемчилиги туралуу биздин респонеденттердин көбүндө маалымат аз болгондуктан, негиздүү жооп ала албадык, бул кандайдыр бир эксперимент жүргүзгөнгө чейин, коомчулукта талкуулоолор өтүшү зарылчылыгын белгилеп турат деген ойго келдик. 12 жылдык билим берүүнүн артыкчылыгы катары сапаттуу билим берүүгө шарт түзүлөт деген жоопту – 20% белгилешкен, ал эми окуучу профилдик билим алат деген жоопту – 25% берген, мурунку система менен 12-жылдык билим берүүнүн айырмасы жок дегендер респонедентердин көпчүлүк бөлүгүн түздү – 49 %, ал эми мамлекет кабыл алууга даяр дегендер – 6%.

Респонденттин ичинен көпчүлүгү мамлекеттин 12 жылдык билим берүү системасын киргизүүгө ресурстары жетишсиз, мугалимдердин даярдыгы жок, окуу куралдарын өз убагында дяардоо татаал (27%), чыгым көп кетет (48%) жана убакыт көп керек (21%) деген жооптор арбын болду.

**Анкеталык сурамжылоодон улам биз төмөнкүдөй жыйынтык чыгара алдык.** 12 жылдык билим берүү системасын Кыргыз Республикасынын мектептерине эксперимент түрүндө киргизүү дүйнөнүн 136 өлкөсүндө ишке ашырылган практикага таянган идея. Бул идея төмөнкү **артыкчылыктарды** сунуштайт:


1. Балдарды бала бакчадан алты жашында кабыл алуу бир топ жеңилдейт, бала бакчага эрте баруусуна шарт түзүлөт.
2. Бош убактысын өзүн өнүктүрүү үчүн (ийримдер, секциялар ж.б.) коротууга мүмкүнчүлүк түзүлөт.
3. 12 жылдык мектеп келечекте кесипти тандоого көбүрөөк басым жасайт. Бул колледждерде жана жогорку окуу жайларда жалпы билим берүүчү предметтердин санын кыскартууга жардам берет.
4. Үй-бүлөлүк шартка байланыштуу дароо эле эмгек рыногуна киришүү керек болсо, базалык кесипке ээ болгон жаштар үчүн мыкты тандоо болот.
5. Коомчулук (ата-эне) окуучунун билим берүү траекториясын түзүүгө катыша алат.

Бирок артыкчылыктардан да кемчиликтери көбүрөөк экендигин изилдөөбүз тастыктады:

1. Көп талаш-тартышты жараткандын себептердин бири дагы бир жыл кошулуп балдар-кыздар жашы өтүп тажап калышат деген ой пикирлер бар.
2. Биздин өлкөдө бала бакчалар жетишпегендиктен биринчи класска келген балдардын окуу көндүмү, социалдашуу жагынан өтө көп көйгөйлөр бар жана аларды чечүү зарыл: 6 жаштан барган учурда баланын көңүл буруу, суроо берүү, ой жүгүртүү, угуу, түшүнүү жана эң башкысы айлана-чөйрө, теңтуштары, мугалимдери менен баарлашуу, байланышып иштөө көндүмдөрүнүн калыптанып, өнүгүүсү, башкача айтканда балдардын интеллектуалдык, социалдык, психологиялык жактан даярдык маселеси.
3. 12 жылдык билим берүү системасына окуучунун турмушунда ийгиликтерди жаратууга түрткү берген таасирдүү практикалык методдорду колдонуу менен сапаттуу билимдерди сунуштаган мугалимдерди даярдоо керек.
4. Окуу куралдары азыр деле жетишсиз, 12 жылдык билим берүү системасы ийгиликтүү ишке ашырылыш үчүн мектептер жетиштүү заманбап окуу ресурстары менен камсыздалышы керек.
5. Коомчулукта бул система тууралуу маалыматы аз, бар болсо дагы үстүртөн, ошондуктан негиздүү жооптор жок.

**3-таблица.** – Билим берүү тармагында реформанын жүргүзүүсүнө кандай көз караштасыз?

| Билим берүү системасына олуттуу реформа керек | Түп тамыры менен өзгөртүү керек | Учурдагы билим берүү системасы жарайт | Жооп бере албайм |
|---|---|---|---|
| **55%** | **20%** | **12%** | **13%** |




**3-диаграмма. Билим берүү тармагында реформанын жүргүзүүсүнө кандай көз караштасыз?**

Изилдөө аркылуу гана биз кайсы бир маселе тууралуу тастыкталган ойго, идеяга ээ боло алабыз. Алсак, 80 респонденттин ичинен 55% билим берүү системасына олуттуу реформа керек экенин, мектептик окутуу программасына канааттанбаганын жана 20% түп тамыры менен өзгөртүү керек экенин айтышат. Бул реалдуу көрүнүш, себеби билим берүүдө азыраак натыйжаны көрүп жатабыз. Учурдагы системаны канааттандырырлык деп эсептегендер, жарайт деген респонденттер – 12% түзгөн. Жооп бере албагандар – 13%. Акыркы эки жоопту берген респонденттер менен кеңири талкуулоолорду уюштуруу зарылчылыгы бар деп эсептейбиз.

Ар бир өлкөнүн билим берүү системасын алдыга жылдырып турган адамдык ресурстары бар, биздин мамлекетибиз да адамдык ресурстарга бай, ошого байланыштуу дүйнөлүк билим берүү тармагында болуп жаткан процесстердин, өзгөрүүлөрдүн оң натыйжаларын көбүрөөк изилдешип керек экен.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Кыргыз билим берүү академиясынын вице-президенти Алмазбек Токтомаметовдун BBC news кыргыз кызматына берген маегинен алынды. BBC news кыргыз кызматы – 6-март 2018-жыл.
2. Програф® (Prograf®) сайтынан алынып, кыргызчага которулду.
3. «Билим АКИpress» сайты: 27-апрель 2022-жыл.
4. «Порограф» сайтынан алынып, кыргызчага которулду.
5. «Марал» радиосунун булак сайты. https://maralfm.kg/
6. Парманкулова П.Ж., Елтаев А. К вопросу о переходе на 12-летнее обучение в республике казахстан // Фундаментальные исследования. – 2014. – №3-3. – С. 609–612; URL: https://fundamental-research.ru/ru/article/view?id=33725 (дата обращения: 09.05.2023).
7. Кутбилим газетасы: https://kutbilim.kg/

**Рецензент: пед. илим. канд., доц. Асекова Ж.**